**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 10.16.525 Диссертациялык кеңеш

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 801.8 (575.2) (043.3)**

АКМАТБЕКОВА ЖАНАРА АДЫЛБЕКОВНА

# КЫРГЫЗСТАНДЫН МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯСЫ (1991-2014-жж.)

10.01.10 – журналистика

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2016

Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин журналистика жана коомчулук менен байланыш кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, доцент
**Бакашова Жылдыз Кемеловна**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Омашев Намазалы Омашевич**

филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Дүйшекеева Айна Талгарбековна**

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасы.
Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көч, 51 а.

Диссертациялык иш 2016-жылдын 29-ноябрында саат 15:00дө КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д10.16.525 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, Манас проспектиси, 66, 208-ауд.

Диссертация менен КР УИАнын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Автореферат 2016-жылдын 28-октябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

# ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Коомдун өнүгүшүндө, коомдук пикирди жаратууда массалык маалымат каражаттарынын ролу абдан маанилүү экендиги талашсыз.

Кыргызстандын журналистика тармагында жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр өтө аз, жаңы изилдөөлөрдү талап кылган маалы. Өзгөчө 1991-жылдары эгемендүүлүккө ээ болгон Кыргызстандын ММКларынын, журналистика тармагынын баскан изи кандай болду, ММК системасындагы өзгөрүүлөрү, жетишкендиктери жана көйгөйлөрү тууралуу маселелер журналистика тармагындагы изилдөөнүн маанилүү багытына айланса да, бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстандын ММКсынын бул жылдардагы өнүгүү тенденциясын иликтөө илимий изилдөөнүн объектиси болбогондугу иштин актуалдуулугун аныктайт.

**Диссертациялык иштин темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Илимий иштин темасы К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин журналистика жана коомчулук менен байланыш кафедрасынын илимий иштеринин планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарында журналистика тармагында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү, өнүгүүлөрдү аныктоо. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

- ММКнын функциясын жана моделин аныктоо;
- ММКнын эгемендүүлүктөн кийин социалдык-саясий институт катары түзүлүшүн жана андан ары өнүгүү тарыхын изилдөө;
- Кыргызстанда ММКлар жана журналисттердин ишмердүүлүгү жөнүндөгү ченемдик-укуктук актыларга анализ жүргүзүү;
- ММКда аталган мезгилдеги (1991-2014-жж.) “сөз эркиндигин” иликтөө;
- Бийлик бутактары менен ММКнын байланышын аныктоо, Кыргызстандагы коомдук саясий өзгөрүү процессиндеги ММКнын ордун жана ролун ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Иштин алкагында көтөрүлгөн проблемаларды изилдөөгө арналган илимий эмгектер 3 топко бөлүнүп каралып, ММКнын модели жана функциясы теориялык жактан аныкталышы, 1991-жылдан 2014-жылга чейин Кыргызстандын

ММКсынын өнүгүшүн тарыхый этаптарга карата мезгилдештирүүсү, ММКлар жана журналисттердин ишмердүүлүгүнө байланышкан мыйзамдык база анализге алынгандыгы жана ММКнын өлкөдөгү саясий экономикалык өзгөрүүлөргө тийгизген таасири жана ролу талдоого алынышы менен аныкталат.

**Иштин теориялык жана практикалык мааниси.** Илимий иликтөөнүн натыйжалары Кыргызстандын ММКсынын багытын аныктоого өбөлгө түзөт. Жогорку окуу жайларынын журналистика жана коомчулук менен байланыш адистиги боюнча окуу программаларын, окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот. Журналистика адистиги боюнча изилдөөдө көмөкчү милдетти аткара алат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болгон жылдарында ММКнын структуралык түзүлүшү жаңыча формада түзүлүп, анын коомго болгон таасири да өзгөргөндүгү аныкталат.
- Демократияны бекемдөөнүн негизги инструменти катары Кыргызстандын ММКлары жана журналисттердин ишмердүүлүктөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырылат жана алардын эркин ишмердүүлүгүнүн кепилдигин шарттайт.
- Сөз эркиндиги массалык маалымат каражаттарынын көз карандысыз болушун камсыздайт жана өлкөнүн граждандарынын түрдүү маалыматтарды эркин алуу укугуна жана пайдаланууга мүмкүндүк түзөт.
- Өлкөнүн саясий башкаруу формасы ММКнын ишмердүүлүгүнө, коом жана мамлекет ортосундагы маалымат алмашуу процессине түздөн-түз таасирин тийгизип турат.
- Коомдун маалыматка болгон суроо-талабы жана маалыматка болгон ишеними – ММКлардын коомдогу ордун жана багытын аныктайт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстандын ММКсынын өнүгүү тенденцияларын иликтөө изилдөөчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары БГУнун, КТМУнун, Казакстан кыз-келиндер педагогикалык университетинин жана Акмулла Башкирия

мамлекеттик педагогикалык университетинин илимий-практикалык конференция-ларында жасалган билдирүүлөрдө талкууланган.

Диссертация БГУнун журналистика жана коомчулук менен байланыш кафедрасында талкууланып, коргоого сунуш кылынган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Диссертациялык ишке байланыштуу 1 монография, КРдин Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган басылмаларда 7 жана чет элдик РИНЦ системасына кирген басылмаларда 2 илимий макала жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Изилдөө иши киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин көлөмү - 130 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, коргоого коюлган жоболор, иштин жаңылыгы жана практикалык мааниси көрсөтүлгөн.

**“Эгемендүүлүк жылдарындагы ММКга коомдук-саясий институт катары мүнөздөмө”** деп аталган диссертациянын биринчи бөлүмү эки параграфтан турат. **“ММКнын функциясы жана модели”** деп аталган биринчи параграфта темага байланыштуу анализ жүргүзүлүп, ушул убакытка чейин топтолгон маалыматтар жана түзүлгөн моделдер иликтенди.

XX кылымдын экинчи жарымында ММКнын өнүгүү жетишкендиктерин алгач батыш окумуштуулары изилдеп башташкан. Алардын ичинен 1940-жылдары маалымат жана маалымат теориясына негиз салуучулары катары Норберт Винер, Клод Шеннон, У. Уивердин эмгектерин атоого болот. 1948-жылы америкалык окумуштуу Гарольд Д. Лассуэлл, У. Шрамм жана Ч. Осгуд маалымат берүүнүн бир жактуу жана циркулярдык моделдерин иштеп чыгышкан.

Ал эми, Россияда 1960-жылдары орус окумуштуусу А.Д.Урсулдун “Природа информации” аттуу философиялык очеркинин жарыяланышы – маалымат теориясынын андан ары өнүгүшүнө чыйыр салды. Батыш илимпоздору Л. Де Флёр, Денис Макюэл жана орус окумуштуулары В. С. Комаровский, И. Н. Панарин, В. В. Ворошилов, Е. П. Прохоров, С. Г. Корконосенко, Л. Г.

Свитич жана башкалардын эмгектеринде массалык маалымат каражаттарынын функциясы тууралуу түрдүү ой-пикирлер айтылган. Алардын айрымдары бири-бирине дал келип, бири-бирин толуктап турса да, айрымдары коошпой келет. Анын жыйынтыгында ММКнын функциясы *маалыматтык; идеологиялык; когнитивдик; көңүл-ачуучу; аналитикалык* деп аныкталат.

Фред Сиберт, Теодор Питерсон жана Уилбур Шрамм ММКнын өнүгүшү ошол малекеттин саясий башкаруу системасына жана идеологиясына көз каранды деген пикирди жакташкан. Алар өлкөнүн саясий түзүлүшү жана ММК системасынын ортосундагы байланышты *авторитардык, либералдык, коомдук жоопкерчилик жана борбордук башкаруучулук теориясы* деп атап, бир канча баскычта аныкташкан [Фред С. Сиберт. Четыре теории прессы. – Москва. 1998. – С. 220].

Окумуштуу Сажиде Вурал жогорудагыларга кошумча *демократиялык башкаруу* жана *өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ММК системас*ы деп атап, эки теорияны санап өткөн [Sacide Vural. Kitle iletişimde denetim stratejileri. Ankara, 1994. S 18.].

Ошондой эле, бул бөлүмдөгү изилдөөлөр Мусабекова Ч., Бакашова Ж., Усупов С., Кацев А. С., Омашев Н., Чернов Ф. М., Дүйшекеева А., Асанова А., Султанова Ж., Турсунова Э., Төралиева Г., Джумагазиева Г., Мырзагулов М., Туралиев Ж., Кадыров Т., Халилов А., Алагушев А., Максүтова Б., Деева И. В., Ибраева Г., Куликова С., Сабирова В. К., Орунбеков Б. жана башкалардын илимий эмгектерине таянат.

**“Эгемендүүлүк жылдарында ММКнын өнүгүшү”** аттуу экинчи параграф эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстандын ММКсын изилдөөгө арналган.

1991-2014-жылдар арасында ММКнын өнүгүү тенденциясын төмөндөгүдөй бир нече тарыхый баскычтар аркылуу аныктоого болот.

*I баскыч. Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы жылдарындагы ММКнын түзүлүшү, мамлекеттик эмес ММКлардын пайда болушу (1991-1995-жж.).* 1991-1992-жылдары өлкөнүн башка тармактарындагыдай эле, маалымат чөйрөсүндө да менчиктештирүү иш-аракеттери башталды. Кыргызстандын ММК тармагы да мындай рыноктук шартка жараша иш алып барууга даяр эмес эле. Мамлекет мурдагыдай ММКга каржылык колдоо көрсөтүүгө алсыз болуп, кээ бир ММКлардын акырындап жоюлушуна алып келди. Айрымдары рынок мамилесине жараша жаңы багытта иш алып барууга өтүштү. 1991-жылы мамлекеттик телерадиокомитети мамлекеттик

телерадиокомпаниясы болуп өзгөртүлүп түзүлдү. Телерадиокомпания чыгармачылык жана структуралык маселелерин, кадрларды тандоону, техникалык саясатын, чет өлкөлүк телерадио уюмдары менен кызматташтыгын өз алдынча чечүү укугуна ээ боло баштады. 1992-жылы Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде биринчилерден болуп, “Пирамида” телерадиокомпаниясы жана “Алмаз” радиосу катталган. Андан кийин “Дельта”, “ВОССТ”, “Европа+”, “Русское радио-Азия”, “Татина”, “Кыргызстан обондору” сыяктуу мамлекеттик эмес радиостанциялар пайда болду. Ошондой эле “Асаба”, “Кыргыз руху”, “Аалам”, “Мурас”, “Майдан” жана орус тилдүү “Республика”, “Дело №” гезиттерин атоого болот.

1993-1995-жылдар аралыгында сөз эркиндиги жаңыдан гана түптөлүп келе жаткан Кыргызстанда бийлик жана ММКлар ортосунда мамлекеттик жана көз карандысыз ММКлар болуп, эки карама-каршы башатка жол ачылды. Ошол эле учурда ММКда буйрук менен жазылган материалдарга жана алардын жарыяланышы үчүн акы төлөнө баштады. Бул мезгилде ММКлар коомдук анык көйгөйлүү маселелерди аз чагылдырып, көбүн эсе саясатташып кетти. 1995-жылы КРнын Адилет министрлиги тарабынан 122 гезит, журнал, бюллетень, 19 электрондук ММК катталган.

*II баскыч. Бийлик жана ММКнын келишпестиги.* Бул мезгил 1996-1999-жылдарды камтыйт. Аталган жылдары ММКлар саясий жактан гана эмес, жарнамаларды жарыялоо аркылуу экономикалык жактан да “кирешелүү” ишканага айланды. Мындай «кирешелүү ишкананы» ММК ээлеринин колунда калтырып коюу бийликтин кызыкчылыгына туура келген эмес. Бийлик финансылык текшерүү, салык мыйзамын бузуу, кайрадан каттоо ж.б.у.с. шылтоолор менен ММК ишканаларынын акцияларын бөлүштүрүү иш аракеттерин көрө баштады. Айрым ММКлар медиа бизнестерин сактап калуу үчүн ММКнын багытын өзгөртүүгө да мажбур болушту.

*III баскыч. ММК жана өлкөдөгү саясий урунттуу жагдайлар деп аталып, 2000-2009-жылдарды* камтыды. Себеби, ошол мезгилдеги өлкөнүн саясий айдыңында болуп жаткан жагдайлар ММК менен тыгыз байланышта эле. Кыргызстанда 2000-жылдардан тарта ММКларга бийлик тарабынан жүргүзүлгөн кыйыр түрдөгү үстөмдүк иш-аракеттери байкалат. Буга мисал катары Үзөңгү кууш, Аксы окуясы сыяктуу олуттуу саясий окуялардын ММКда бир беткей чагылдырылышы, мындай көрүнүшкө коомдук наарazычылык жаралгандыгын айтууга болот. Анын жыйынтыгы ал кездеги

МТРКнын президентинин, вице-президентинин отставкага кетиши менен аяктайт. Ошол эле учурда “КООРТ”, “НБТ”, “Пирамида” телекомпаниясы, “Вечерний Бишкек” гезити, “Love Radio” радиостанциясы, “Айрек” рекламалык агенствосу, “КыргызИнфо” маалымат агенствосу сыяктуу бир канча медиа тармактары мамлекет башчысынын жакын адамдары тарабынан башкарыла тургандыгы тууралуу маалымат таркады [Мегаполис гезити, №12 (1050) , 2005-жыл 13-февраль.]. 2000-жылдан кийин Кыргызстан тынымсыз ички саясий тирештердин тилкесине кирди. Мындай жагдай ММК системасына өз таасирин тийгизип, бул жагымсыз көрүнүш узак убакытка созулуп, коом ичинде адилет сынга кабылды.

*IV баскыч. Апрель революциясы жана ММК деп аталып, 2010-2014-жылдарды* камтыйт. Кыргызстанда 2010-жылда болуп өткөн саясий окуялар ММК системасындагы жаңы бурулушка из салды. Буга Мамлекеттик телерадиокомпаниясынын (МТРК) Коомдук телерадиокорпорациясы (КТРК) болуп өзгөртүлгөндүгүн жана 2011-жылдын декабрь айында «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» жаңы мыйзамга кол коюлуп, коомдук Байкоочу кеңешинин түзүлгөндүгүн баса белгилеп көрсөтүүгө болот. Себеби, корпорацияны башкаруунун жогорку органы болуп Байкоочу кеңеш саналат. Байкоочу кеңеш – коомдун кызыкчылыктарын көздөйт жана коомдук берүүлөр принциптерин сактайт. ММКдагы мындай түзүлүш коомдун объективдүү, так маалыматка жетүүдөгү жана өз пикирин билдирүүдөгү мыкты мүмкүнчүлүктөрдүн бири экендигин аныктайт.

Аталган жылдары басма сөз каражаттарында да мурдагыдай туш-туштан кысуу аракети токтогондугу, саясий оппозициялык тарап коомдук телеканалдан, башка басылмалардан оюн калкка жеткирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондугу белгиленет [Кыргыз тилдүү ММКлардын мониторинги. – Бишкек, 2011-2012-ж. 3-4-б.].

Ошондой эле 2012-жылы 24-июнда Жогорку Кеңештин пленардык жыйынында маалыматтык коопсуздукту камсыздоо жана мамлекеттик саясатты бүткүл аймакка жайылтуу максатында «5-канал» жабык акционердик коомун “Улутташтыруу жөнүндө» мыйзамдын долбоору көпчүлүк добуш менен кабыл алынып, “Пирамида” телерадиокомпаниясынын 100%дык үлүшү мамлекетке тиешелүү болуп калды.

Жыйынтыкта 1991-2014-жылдар арасындагы ММКнын өнүгүү тенденциясы Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы басып

өткөн тарыхы, саясий, социалдык, экономикалык ж.б. факторлору менен терең байланышта экендиги аныкталып, аларды бир нече баскычта иликтөөгө аракет жасалды.

Экинчи бөлүм **“ММК демократияны бекемдөөнүн инструменти катары”** деп аталып эки параграфтан турат. **“Маалыматтык коомду түзүүдөгү укуктук негиздер”** деп аталган бул параграфта Кыргызстандын ММКсы жана журналисттердин ишмердүүлүгүнө байланышкан КРдин укуктук-ченемдик актылары жана ага карата айтылган сын-пикирлер анализге алынды.

Кыргызстанда ММКлардын ишмердүүлүктөрү, “сөз жана басма сөз эркиндиги” эң алгач Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2010-жылдын 27-июнундагы мыйзамы, 14-беренеси, 36-берененин 1-пункту, 65-берененин 6-пункту].

Өзгөчө 1992-жылы 2-июлда Кыргыз Республикасынын “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамынын кабыл алынышы, мыйзамда айрым уюштуруу механизмдеринин, юридикалык аныктамалардын так аныкталбагандыгына карабастан, кыргыз ММКсынын структурасында жаңылануугa, жаңы багытка карай өнүгүүгө жол ачты. Мыйзам өз учурунда бардык постсоветтик мамлекеттерде журналистика тармагы боюнча эң приоритеттүү мыйзам деп эсептелген. Албетте аталган мыйзамга карата айтылган сын пикирлер да жок эмес.

Айрым журналистика тармагынын өкүлдөрү ММКнын юридикалык жак катары сөзсүз түрдө КРдин Адилет министрлиги тарабынан “каттоодон өтүшү керек” деген талабын сындашып, бийлик өкүлдөрү айрым учурларда өз максаттарына жетүү үчүн атайылап эле айрым ММКды каттодон өтүү мөөнөтүнөн кечиктирип турушкандыгын айтып келишет [Алагушев А. К. Правовая среда для развития и деятельности СМИ в КР. – Бишкек, 2010. – С. 11]. Экинчиси аталган мыйзамдын 23-беренесинде жазылган айрым маалыматтарды коомго билдирүүдө “калкка жайылтууга жатпаган маалыматтардын тизмеси” менен чектеп койгон деп белгиленет. Бул көрүнүш демократиялык өнүгүү жолундагы өлкөнүн ММКсына жана сөз эркиндигине доо кетирип жатат. Ошондой эле мыйзамда басма сөз ММКларын жабуу тартиби аныкталбагандыгы жана электрондук ММКларга жетиштүү деңгээлде көңүл бурулбагандыгы тууралуу белгиленген сын пикирлерге кошулам [Исследовательский проект.

Политический эсктремизм, терроризм и СМИ в Центральной Азии. – Бишкек–Копенгаген, 2008. – С.46.].

КРдин “Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо жөнүндөгү” мыйзамы 1997-жылы кабыл алынган. Мыйзамдын айрым беренелерин талдоого алсак, Кыргызстанда журналисттердин ишмердүүлүгүн жөнгө салган, алардын укуктарын коргогон приоритеттүү укуктук актылар бар экендигин айтууга толук негиз бар. Мисалы; аталган Мыйзамдын 4-беренесинде Кыргыз Республикасындагы массалык маалымат чөйрөсүндө цензурага жол берилбейт. Журналисттин коомдук кызыкчылык туудурган, граждандардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу таламдарына, тиешелүү маалыматка жетүүсүнө чек коюуга жол берилбейт деп жазылган.

Ошондой эле Мыйзамдын 9-беренесинде журналист өз алдынча “иликтөө” жүргүзө алат деп жазылса, 7-беренесиндеги “Журналисттин милдеттеринде” журналист автордун же маалымат булагынын макулдугу болмойунча жеке жактар тууралуу фактыны жарыялай албайт, ошондой эле аудио-видео жазуучу аппараттарын колдоно албайт деп жазылган. Бул аныктамалар бир эле учурда бири-бирине карама-каршы келет.

2008-жылы телеберүү жана радиоуктуруунун укуктук, экономикалык жана уюштуруу иштерин жөнгө салган КРдин “Телеберүү жана радиоберүү жөнүндөгү” мыйзамы кабыл алынды. Мыйзамдын 8-беренесинде телерадиоберүү уюмдарынын берүүнүн жалпы көлөмүнүн жана убактысынын жарымынан көбү мамлекеттик тилде, 50%дан кем эмес уюмдун өздүк продукциясы, 60%дан кем эмес улуттук аудиовизиуалдык продукциясы болушу зарыл деп жазылган. Албетте бул берене иш жүзүндө дайыма эле төп келбейт, бирок улуттук аудиовизуалдык продукциянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Бул Мыйзам ММКлардын ишмердүүлүгү жөнүндөгү ченемдик-укуктук актылардын ичинен эң жемиштүүсү деп айтууга болот. Себеби, аталган мыйзам кабыл алынгандан кийин ММК кызматкерлери, граждандык коомдун өкүлдөрү тарабынан көптөгөн сын пикирлерге кабылып, Президентке чейин кайрылууга аргасыз кылган. Жыйынтыгында, ММКнын өкүлдөрү, депутаттар, тиешелүү министрликтин өкүлдөрүнөн турган атайын Жумушчу тобу түзүлүп, үч айдын ичинде мыйзамды кайрадан карап чыгышып, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизишкен.

Аталган параграфта жалпы жонунан 16дан ашык КРдин "ММК жөнүндө" (1992),"Мамлекеттик сырды сактоо жөнүндө" (1994), "Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо жөнүндө" (1997), "Маалыматка жетишүүнүн кепилдиги жана эркиндиги жөнүндө" (1997), "Лицензиялоо жөнүндө" (1997), "Электр жана почта байланышы жөнүндө" (1998), "Коммерциялык сыр жөнүндө" (1998), "Жарнак жөнүндө" (1998), "Маалыматташтыруу жөнүндө" (1999), "Экстремизмдик ишмердүүлүккө каршы иш-аракеттер жөнүндө" (2005), "Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жана мамлекеттин карамагындагы органдардын маалыматка жетүүсү жөнүндө" (2006), "Шайлоо жөнүндө" (2007), Кыргызстан журналистинин этикалык кодекси (2007), "Телеберүү жана радиоберүү жөнүндө" (2008), "Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" (2011), "Басма иши жөнүндө" (2011) укуктук-ченемдик актылары талдоого алынды.

Мыйзамдардын айрым беренелери боюнча карама-каршылыктарды эске албаганда ММК ишмердүүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасында приоритеттүү ченемдик-укуктардын бар экендигин айтууга болот. Мыйзамдардын айрымдары эскирип, өз күчүн жоготсо, учурдун шарттарына ылайык айрымдары жаңылануусу да талап кылат.

Экинчи бөлүмдүн экинчи параграфы **"ММК жана сөз эркиндиги"** деп аталып, эгемендүүлүк жылдарында ММКдагы "сөз эркиндиги" иликтенет жана ага карата айтылган сын пикирлер талдоого алынат.

Демократиялык коомдо сөз эркиндиги жана саясий плюрализм көпчүлүк жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин (айрыкча саясий) турмушка ашыруунун жана ошондой эле жарандык коомдун турмушуна активдүү катышуу үчүн керек болгон зарыл шарттардан экендиги талашсыз. Массалык маалымат каражаттары демократиялык коомдо элдин үнүн бийликке жеткирүүчү же бийлик жана коом ортосундагы мамилени түзүүчү каражат болуп саналат. Мындай коомдо маалымдоо каражаттарынын эркин иш алып баруусу абдан маанилүү.

Албетте, маалымдуулук, басма сөз эркиндиги демократиялык коомдо да абсолюттуу болбойт. Ар бир өлкө мамлекеттик, мекемелик жана коммерциялык сырлардын болгондугун да жокко чыгарбайт.

2002-жылдары расмий органдардын ырастоосуна ылайык Кыргызстанда башка Борбордук Азия мамлекеттерине

салыштырмалуу басма сөз эркиндиги болгону менен ата мекендик басма сөздүн кайтарымы жана таасири төмөндөп кеткени аныкталган [Кыргыз журналистикасынын тарыхы – Бишкек, 2002. 49-б.].

2001-2011-жылдар аралыгында Кыргызстанда Борбор Азиянын башка мамлекеттерине салыштырмалуу сөз эркиндиги бийик экендигине карабай журналистиканын сапаты төмөндөп кеткени, журналистикада этикалык ченемдер менен принциптер көп учурларда сакталбай жаткандыгы байкалат.

Ошол эле учурда жергиликтүү журналисттер, бул тармактын көрүнүктүү өкүлдөрү Кыргызстанда "сөз эркиндиги" менен журналисттин жоопкерчилиги айкалышпайт жаткандыгын, буга негизги көйгөй катары журналистика тармагында теориялык билимдин сапатсыздыгы, кесипкөй журналисттердин саны өтө аз болуп, журналисттердин ченемдик-укуктук актыларды жакшы билбегендиктери себеп болууда деп негиздешет.

Үчүнчү бөлүм **"Коомдук-саясий өзгөрүүлөр жана ММКнын ролу"** деп аталып, бөлүмдүн биринчи параграфы **"Бийлик бутактары менен ММКнын байланышын"** изилдөөгө арналат.

1993-жылдарга чейин бир нече ММКлар көз карандысыз болуп түзүлүп, өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп калышкан. Натыйжада, пикирлердин плюрализмине анча-мынча сугарылып калган мамлекеттик эмес ММКга бийликтин "ММКларды тизгиндөө ыкмасы" жаккан эмес. Алар каржы булактарын ММКларды колдоо фонддорунан, жарнаманын эсебинен, жазылган материалдарын сатуу жолуу менен таап турушкан. Себеби, 1996-жылы ММКлар өндүрүш ишканалары менен бирдей эле, кошумча наркка салык 20%ды, кирешенин 30%ын, түз жана кыйыр түрдөгү салыктын 8%ын төлөөгө милдеттүү болушкан. Сырттан колдогон кошумча каржы булактары болбосо көз карандысыз ММКлардын жогорудагыдай салыкты жеке ишкананын же киреше эсебинен төлөөгө мүмкүнчүлүгү жетмек эмес эле.

Жарнамаларды көзөмөлдөө маселеси да бийлик жана ММК ортосундагы келишпестиктерге жол ачты.

Мамлекет өз карамагындагы "Учкун" жана "Эркин-Тоо" полиграфиялык базаны башкаруу менен жеке менчик басма сөз каражаттарынын басып чыгарылышына жана лизенция берүү же узартуу боюнча көз карандысыз ММКга кыйыр түрдө кысым көрсөтүүнү улантып турган.

Ошол эле мезгилде көз карандысыз ММКлар, айрыкча басылмаларда бийликтин жасаган иш-аракеттерин ашыкча сындап, а түгүл укуктук-нормалардан чектеп, жеке инсандын абройлоруна шек келтирген учурлары да катталды.

Мунун натыйжасында, республикада саясатчылар, бийлик өкүлдөрү жана «Дело №», «Республика», «Наше время» («Пирамида” телеберүүсү), «Вечерний Бишкек», «Асаба», «Аргумент» ж. б. ММКлар арасында “ММКларга карата жалаа жабуу же ар намысты кордоо” жөнүндө 26дан ашык соттук доо коюулары катталды [Г. К. Ибраева, С. В. Куликова. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы. – Б., 2002. 117-б.]. 1998-жылы «Асаба» гезити биротоло жоюлуп, «Республика» гезитинин саны абдан төмөндөп кеткен [Исследовательский проект. Политический экстремизм, терроризм и СМИ в Центральной Азии. Международная поддержка СМИ, Копенгаген. Кыргызстан. 2008. 31-б.].

Ушундай эле фактылар 2000-жылдагы президенттик шайлоодо, 2002-жылдагы өлкөдөгү Аксы окуясын жалпы коомго чагылдырууда, 2003, 2005, 2007-жылдардагы жергиликтүү жана парламенттик шайлоо учурунда катталды.

Жыйынтыкта биз изилдеген мезгилде Кыргызстанда ММК жана бийлик ортосундагы мамиле эки жактуу болду. Мамлекеттик ММКлар бийликтин жүргүзгөн ишмердүүлүгүн элге таңуулаган административдик куралга айланып келсе, көз карандысыз ММКлар бийликтин кыйыр түрдө жүргүзгөн “тизгиндөө” механизминен бирде оолактак, бирде ашыра сындап турушкан. Мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн ар кандай кыйыр түрдөгү кысымдардан, жабылып калуу коркунучунан улам айрым телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмдары ишкананын саясий позициясын өзгөртүүгө да дуушар болушкан. 2010-жылдан кийин ММК жана бийлик ортосундагы курч мамиленин басаңдаганы байкалат.

Үчүнчү бөлүмдүн экинчи параграфы **“Коомдун өнүгүшүндө ММКнын ролу жана орду”** деп аталып, изилдөө Кыргызстандагы ММКлардын бүгүнкү коомдогу ордун аныктоого арналган. Буга байланыштуу коомдук уюмдардын, мекемелердин жүргүзгөн эмпирикалык изилдөөлөрү, сурамжылоолору, отчеттору колдонулуп, анализге алынды.

2012-жылдын ноябрь айындагы КРдин Адилет министрлиги тарабынан берилген маалыматтары боюнча Кыргызстанда 1698 ММК

катталган. Анын 934ү басма сөз, 108и телекөрсөтүү (телекомпания, телестудия, телеканал) болсо, 51 радиоуктуруу эле. Бул сандык көрсөткүчтөр 2006-жылы катталган ММКнын санынан 2 эсеге көп экендигин билдирсе да, иш жүзүндө анын 30%га жакыны гана ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатат.

2013-жылы туруктуу иштеп жаткан 206 ММК катталган, анын 159у басылмалар (жарнамалык басылмалар буга кирген эмес), 25и телекомпания болсо, 22си радио болгон [Кыргызстан ЖМКларын изилдөө 2013-ж. – Бишкек, 2013.]. Кыргызстан боюнча аймактарда басылмалар басымдуу кылат. Ал эми телекомпания менен радионун саны жалпысынан тең болгону менен, алардын үлүшү аймактарда ар башка.

Республикада ММКларды уюштуруучулук жагынан мамлекеттик (коомдук) жана мамлекеттик эмес (коммерциялык) деп, айырмалоого болот.

2011-2012-жылдардагы коомдук пикирди иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, Кыргызстан боюнча маалымат топтомун эң көп телеберүүдөн алышат жана ишенимдүү, маанилүү деп билишет [Исследование поведения и восприятия медиа аудитории 2012-2013гг. Кыргызстан].

Буга айкын мисал катары 2012-2014-жылдар арасында КТРКнын жасап жаткан иштерин, уюм жана аудиториянын кайтарым байланышынын эффективдүүлүгүн, редакциялык саясатын, коомдук мааниге ээ болгон улуттук аудиовизуалдык продукцияларды даярдоо боюнча башка телеберүүлөрдөн алдыда келе жаткандыгы белгилөөгө болот.

Жалпы республика боюнча жергиликтүү телеканалдардын бир күндөгү берүүлөрүнүн көлөмү орточо 16 саатты түзөт. Анын ичинде өздүк продукциянын үлүшү 6,5 саат.

Радиоуктуруулар Кыргызстан калкынын 49,3%ын түзүп, маалымат таркатуучу каражат катары ММКлардын ичинен 2 орунда турат. Кыргызстанда коомдук радиоберүүлөрдүн өздүк программаларынын көлөмү канчалык чоң экендигине карабастан коммерциялык радиостанциялар алда канча алдыда келе жатат. Аларга Кыргызстан боюнча алдыңкы орунду ээлеген коммерциялык “Кыргызстан обондору”, Бишкек шаары жана Чүй аймагына таанымал “Европа+” радиосун атоого болот. Угармандар жаңылыктарга караганда музыкалык уктурууларга артыкчылык беришет. Маалыматтык жаңылыктарды уктуруу боюнча Кыргызстанда

«Азаттык» радиосу алдыңкы орунду ээлейт [Исследование поведения и восприятия медиа аудитории 2012-2013гг. Кыргызстан, Кыргызстан ЖМКларын изилдөө 2013-жыл. – Бишкек, 2013. 34 б.].

Жалпы республика боюнча жергиликтүү радиолордун бир күндөгү берүүлөрүнүн көлөмү орточо 19 саатка жетет. Алардын ичинде өздүк продукциянын үлүшү 14 саат.

Кыргызстан боюнча тиражы жагынан эң көп басылган кыргыз тилдүү “Супер-Инфо” (жумасына бир жолу басылып чыгат, тиражы 90 миң) гезити болсо да, окурмандардын маалыматка болгон ишенимдүүлүгү жагынан эң акыркы орунда экендиги аныкталган. Ал эми “Вечерний Бишкек”, “Дело №”, “Аргументы и Факты”, “Комсомольская правда” орус тилдүү гезиттери Бишкек шаары жана Чүй аймагында кеңири таркайт жана маалыматын ишенимдүүлүгү боюнча да алдыңкы орунду келе жатат. “Кыргыз Туусу” басылмасы мамлекеттик гезит болгондуктан мезгилдүүлүгү, жеткиликтүүлүгү жана сапаты жагынан алдыда болгондугу талашсыз. Калган кыргыз тилдүү гезиттер тырмакча ичинде “кызыктуу гана маалыматтарды” жарыялабаса, башка критерийлерге жооп бербейт.

Демек бул көрсөткүчтөр бүгүнкү күндө кыргыз тилдүү басылмалардын мазмуну, сапаты жана саны жагынан чабал болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Жыйынтыгында ММКлардын арасынан телеберүү продукциялары анын ичинен жаңылыктарга болгон суроо-талап жогору экендиги белгиленет. Буга багытта КТРКнын жүргүзгөн реформалары коомдук мааниге ээ. Экинчи орунда радиоугармандар радиопродукцияларынын ичинен көбүрөөк музыкалык берүүлөргө басым жасагандыгы аныкталган. Басма сөз каражаттары борбордо топтолушуп, республика боюнча маалымат таркатуу жана алмашуу процессинин толук ишке ашпай жаткандыгы эң көйгөйлүү маселе бойдон калууда.

Параграфтын жыйынтыгында Кыргызстандын ММКлары өлкөдөгү саясий, социалдык, маданий ж.б. маалыматтарды, окуяларды жалпы коомго чагылдырууда жана граждандардын саясий процесстерге катышуусундагы ролу абдан маанилүү экендиги так белгиленген. Бул багытта Кыргызстандын ММКлары өлкөнүн демократиялуу эркин мамлекет катары өнүгүшүнө өз салымын кошуп келди жана бул милдетти уланта берери анык.

# КОРУТУНДУ

**1.** Коомдук илимий копцепциялардын негизинде ар бир мамлекеттин ММКларынын түзүлүшү жана функциясы ошол эле өлкөнүн саясий, экономикалык, социалдык ж.б. түзүлүшүнө карата өз функциясын өзгөртүп турат. ММКларды ишмердүүлүгүнө карата тигил же бул концепцияга таандык болууда алгач ММК жайгашкан мамлекеттин географиялык, саясий, экономикалык, социалдык абалын, тарыхый баскан жолун ж. б. жалпы өзгөчөлүктөрүн эске алуу шарт.

**2.** Кыргызстандын ММКсынын өнүгүү тенденциясы 1991-2014-жылдар аралыгында төмөндөгүдөй бир нече баскычта аныкталат:

I. Эгемендүү Республиканын алгачкы жылдарындагы ММКнын түзүлүшү, мамлекеттик эмес ММКлардын пайда болушу (1991-1996);

II. Бийлик жана ММКнын келишпестиги (1996-1999-жылдар);

III. ММК жана өлкөдөгү урунттуу саясий жагдайлар (2000-2009-жылдар);

IV. Апрель революциясы жана ММК (2010-2014-жылдар).

Аталган жылдардагы ММКнын өнүгүү тенденциясы өлкөнүн басып өткөн тарыхы, саясий, социалдык, экономикалык ж.б. факторлору менен тыгыз байланышта экендиги аныкталды.

**3.** Кыргызстанда ММК жана журналисттердин ишмердүүлүгүнө байланышкан 20дан ашык мыйзамдар жазылган.

Мыйзамдардын айрым беренелери боюнча карама-каршылыктарды эске албаганда, ММК ишмердүүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасында приоритеттүү ченемдик-укуктук база бар. Мыйзамдар өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен толукталып келет. Учурдун табалына ылайык айрым беренелер өз күчүн жоготуп, жаңылануусу талап кылат.

**4**. Кыргызстанда Борбордук Азиянын башка мамлекеттерине салыштырмалуу сөз эркиндиги бийик экендигине карабай, журналистикада этикалык ченемдер менен принциптер сакталбай жатат. Көп учурда айрыкча басма сөз каражаттарында аналитикалык журналистиканын ордуна жеңил-желпи, ушак айыңдуу маалыматтар орун алат.

**5.** 1993-2006-жылдарга чейин Кыргызстанда ММК жана бийлик ортосундагы мамиле эки жактуу болду. Мамлекеттик ММКлар бийликтин ишмердүүлүгүн чагылдырды. Көз карандысыз ММКлар бийликти ашыкча сындап, айрымдары мамлекет тарабынан

көрсөтүлгөн ар кандай кыйыр түрдөгү кысымдардан, жабылып калуу коркунучунан улам ишкананын саясий позициясын өзгөртүүгө дуушар болушту. Мындай фактылар 1995-жылы жана 2000-жылдагы президенттик шайлоодо, 2002-жылдагы өлкөдөгү Аксы окуясын чагылдырууда, 2003, 2005, 2007-жылдардагы жергиликтүү жана парламенттик шайлоо учурунда катталды.

6. ММКлардын маалыматтарды, окуяларды коомго чагылдырууда жана граждандардын саясий процесстерге катышуусундагы ролу абдан маанилүү. Бул багытта Кыргызстандын ММКлары өлкөнүн демократиялуу эркин мамлекет катары өнүгүшүнө өз салымын кошуп келет. 2010-2014-жылдар аралыгындагы иликтөөлөрдүн жыйынтыгында аудиториянын так жана аналитикалык маалыматтарды, укуктук-мыйзамдуулук, таанып-билүү багытындагы маалыматтарды көбүрөөк талап кылып жаткандыгы анык.

## Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:


1. *Акматбекова, Ж.* Басма сөздө баалуулуктар түшүнүгү [Текст] / Ж. Акматбекова // БГУнун жарчысы 2009. №2 (15). –213-216-б.
2. *Акматбекова , Ж.* ММКнын өнүгүү процессиндеги негизги теориялар [Текст] / Ж. Акматбекова // Вестник Иссык-Кульского университета. 2009. №2 (15). –225-231-б.
3. *Акматбекова, Ж.* Коммуникация теориясы тууралуу түшүнүк [Текст] / Ж. Акматбекова // БГУнун жарчысы 2010. №2 (16). –173-176-б.
4. *Акматбекова, Ж.* «Коммуникациянын башаты» [Текст] / Рецензенттер: сая. и.к., Б. Орунбеков, т.и.к., проф., К. Молдокасымов. Бишкек. 2011. 142 б.
5. *Акматбекова, Ж.* Кыргыз көркөм адабиятында коммуникациянын элементтери [Текст] / Ж. Акматбекова // Кыргыз-Түрк “Манас” университети. Жаңы коммуникация жана социалдык өзгөрүү аттуу II Эларалык коммуникация симпозиумунун билдирүүлөрү 2012-жыл 2–4-май, Бишкек шаары. 2012. –781-789-б.
6. *Акматбекова, Ж.* Кыргыз көркөм адабиятында коммуникациянын элементтери – кабар жана кабарчынын чагылдырылышы [Текст] / Ж. Акматбекова // Наука и новые технологии (РИНЦ). Бишкек. 2015 (1). –187-193-б.

7. *Акматбекова, Ж.* Массалык маалымат каражаттары – өлкөнүн күзгүсү [Текст] / Ж. Акматбекова // Наука и новые технологии (РИНЦ). Бишкек. 2015 (1). –194-199-б.
8. *Акматбекова, Ж.* Кыргызстанда 2010–2014-жылдар аралыгында телеберүүнүн өнүгүү тенденциясы [Текст] / Ж. Акматбекова // Ж.Баласагын КУУнин жарчысы. 2015 №2 . – 66-71-б.
9. *Акматбеков, Ж.* Кыргызстанда радиостанциялардын өнүгүү тенденциялары [Текст] / Ж. Акматбекова // Ысык-Көл университетинин жарчысы. 2015 (40). – 266-270-б.
10. *Акматбекова, Ж.* Kırgızistan'da 2010-2014 tarihleri arasında televizyonun gelişimi [Текст] / Ж. Акматбекова // Казакстан мамлекеттик кыздар педагогикалык университети (Казакстан), Нигде университети (Түркия Республикасы), Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университети (Россия Федерациясы). II Эларалык түрк дүйнөсүн изилдөө симпозиумунун билдирүүлөрү. 2015-жыл 20–23-май, Казакстан, Алматы шаары. II том, – 144-148-б.
11. *Акматбекова, Ж.* Свобода слова в СМИ Кыргызстана [Текст] / Ж. Акматбекова // Научный журнал Апробация (РИНЦ). г. Махачкала, РФ. 2015, №11 (8). стр. 78-81.
12. *Akmatbekova Jh. A.* Current state of Mass Media in Kyrgyzstan [Текст] / Ж. Акматбекова // Научный журнал Вопросы науки (РИНЦ). г. Воронеж, РФ. 2015, Т 8. стр. 46-53.

Акматбекова Жанара Адылбековнанын “Кыргызстандын ММКсынын өнүгүү тенденциясы (1991-2014)” аттуу темадагы 10.01.10-журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүн сөздөр:** маалымат, маалымдоо, байланыш, массалык маалымат каражаттары, радио, телеберүү, басма сөз, журналист, аудитория, гезит, модель, кабар, жаңылык.

**Изилдөөнүн объектиси.** Кыргыз Республикасынын ММКсынын 1991-жылдан 2014-жылга чейинки өнүгүшү.

**Изилдөөнүн максаты**: Эгемендүүлүк жылдарындагы Кыргызстандын ММКсынын өнүгүү тенденциясын иликтөө.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи**: таанып билүүдөгү жалпы илимий методдор: анализ жана синтез; индукция менен дедукция; тарыхый-салыштырмалуу методдор кызмат кылды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

- 1991-жылдан 2014-жылга чейинки Кыргызстандын ММКсы, анын өнүгүү тенденциялары изилденди.
- ММКлар жана журналисттердин ишмердүүлүгүнө байланышкан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары анализге алынды;
- Бийлик бутактары менен ММКнын байланышы, Кыргызстандагы коомдук саясий өзгөрүү процессиндеги ММКнын орду жана ролу ачып көрсөтүлдү.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу:** Илимий иликтөөнүн натыйжалары Кыргызстандын ММКсынын багытын аныктоого өбөлгө түзөт. Иштин жыйынтыктарын жогорку окуу жайларынын журналистика жана коомчулук менен байланыш адистиги боюнча окуу программаларын, окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот. Журналистика адистиги боюнча изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот.

# РЕЗЮМЕ

диссертации Акматбековой Жанары Адылбековны на тему “Тенденции развития СМИ в Кыргызстане (1991-2014 гг.)” на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.10 – журналистика

**Ключевые слова:** информация, информирование, связь, средства массовой информации, радиовещание, телевещание, пресса, журналист, аудитория, газета, модель, вести, новости.

**Объектом исследования** является развитие СМИ Кыргызской Республики в период с 1991 по 2014 годы.

**Цель исследования** заключается в изучении тенденций развития СМИ Кыргызстана в годы после обретения независимости.

**Теоретико-методологическую основу исследования** составили общенаучные методы познания: методы анализа и синтеза, индуктивный, дедуктивный и историко-сравнительный методы.

**Научная новизна диссертационной работы заключается в:**

- исследовании тенденций развития СМИ Кыргызстана в период с 1991 по 2014 годы;
- проведении анализа законодательства Кыргызской Республики, регулирующего деятельность средств массовой информации и журналистов;
- взаимоотношений средств массовой информации и власти, раскрыть место и роль СМИ в социально политической процессе.

**Практическая значимость исследования.** Результаты научного исследования позволят определить роль СМИ в Кыргызстане и наметить пути их дальнейшего развития. Основные положения и выводы диссертационного исследования могут быть использованы при разработке учебных программ и учебно-методических пособий по дисциплине «Журналистика и связь с общественностью» высших учебных заведений, а также применены учеными-исследователями в области журналистики, аспирантами и учеными-методистами в качестве научно-методического пособия.

# SUMMARY

Zhanara Adylbekovna Akmatbekova
«Media development trends in Kyrgyzstan»
thesis of a candidate of Philology Sciences (on specialty 10.01.10 – communication) theme

**Key words:** information, communication, mass media, radio, television, press, journalist, an audience, newspapers, model, news.

**The object of the research:** mass media development in Kyrgyz Republic between 1991 – 2014

**The aim of the research** is to define and assess changes and progress in mass media and journalism after sovereignty of Kyrgyzstan

**The methods of research:** general scientific methods such as analysis and synthesis; induction and deduction; historical-comparative methods.

**The results of research and scientific novelty:**

- mass media of Kyrgyzstan between 1991 - 2014 and its development tendencies;
- articles of law of Kyrgyz Republic concerning activities of mass media and journalism were analyzed;
- the relation between branches of government and mass media and the role and importance of mass media in development of kyrgyz society were identified.

**The field of usage:** the results of the scientific research will contribute to define the role of Kyrgyz mass media and its further development; to describe the role and trends of journalistic field. The results may be used in writing syllabi and tutorials on specialties like journalism and public relations in high establishments. As a piece of scientific-methodological information it will be useful for candidates, postgraduate students and other specialists on journalistic field.